- Профсоюздун бюджетинин каражаттарынан профсоюздун мүчөлөрүнө материалдык жардам көрсөтөт.

- Профсоюздун мүчөлөрүнө социалдык тиричилик маселелери боюнча укуктук консультацияларды берет, мыйзамдарга ылайык кызматкерлерге социалдык кепилдиктерди жана жеңилдиктерди берүүгө коомдук көзөмөлдүктү жүзөгө ашырат.

## 8. Тараптар биргелешип:

- Кызматкерлердин турак-жай, тиричилик шарттарын жакшыртуу жөнүндө жогору турган органдарга өтүнүч менен чыгышат.
- социалдык камсыздандыруу боюнча каражаттардын чыгымдалышына контролдукту жүзөгө ашырышат.
- мектептин кызматкерлеринин санаториялык дарыланышынын жана эс алышынын маселелерин чечишет.
- мектептин кызматкерлерине жолдомолорду бөлүп берүү маселелерин чечишет.

## 9. Пенсия менен камсыз кылуу

.«Мамлекеттик пенсиялык камсыздандыруу системасында жеке (персонификацияланган) эсеп жөнүндө» Мыйзамга ылайык жумуш берүүчү ушул мыйзамда аныкталган камсыздандырылган адамдар жөнүндө маалымдамаларды КР Пенсиялык фондунун органдарына берүүгө милдеттүү. Мектепте иштеген, камсыздандырылган адамдарга маалымдамалардын түшүшүнө жараша жеке (персонификацияланган) эсепке алуу үчүн КР Пенсиялык фондунун органына берилген маалыматтар жөнүндө кабарлоого мидеттүү.

## 10. Кесиптик иштин кепилдиктери

**10.1.** Эмгек акынын, материалдык түрткү берүүнүн тура төлөнүшүн камсыздоодо, иш режиминин шарттарын белгилөөдө жана өзгөртүүдө тиешелүү чечимдер жумуш берүүчү жана жетекчи тарабынан тиешелүү шайланган профсоюз органынын пикирин эске алуу менен кабыл алынат.

- Профсоюз органдарына атайын иш бөлмө, байланыш каражаттары, көбөйтүү техникасы ж.б. акысыз пайдаланууга берилет.
- Профсоюз уюмунун шайланган коллегиалдуу органынын негизги ишинен бошотулбаган мүчөлөрү профсоюздун чакырылган съезддеринин, конференцияларынын ишине делегат катары катышуу үчүн, профсоюздун коллегиалдуу органдарынын ишине катышуу үчүн, ал эми бул жамааттык келишимде каралган учурларда, кесиптик бирликтин кыска мөөнөттүү окууларынын убагында негизги ишинен бошотулат
- Баштапкы профсоюз уюмунун шайланма органдары менен макулдашуу боюнча төмөндөгү маселелер каралат:
- жумуш берүүчүнүн демилгеси боюнча профсоюздун мүчөсү болуп эсептелген кызматкер менен эмгек келишимин бузу маселеси;
- өргүүгө чыгаруунун кезектүүлүгү;
- ички эмгек тартибинин эрежелерин бекитүү;
- эмгекти коргоо боюнча комиссияларды түзүү;
- сменалуулуктун графигин, окуунун, сабактардын расписаниесин белгилөө, эмгектин зыяндуу жана башка өзгөчө шарттары үчүн кошумча акынын өлчөмдөрүн белгилөө;
- кызматкерлердин кесиптик даярдыгынын, кайра даярдоонун жана квалификациясын жогорулатуунун формаларын аныктоо;
- дисциплинардык жаза чарасы колдонулган учурдан тартып, бир жыл аяктаганга чейин аны колдонуу жана алып салуу;
- кызматкерлердин жамааттык келишимде каралган социалдык- эмгектик укуктарына тиешеси бар башка маселелер каралат.

**10.2.** Тараптар кызматкерлерге сыйлык берүүдө шайланган профсоюз органынын төрагасы же мүчөсү катары иштеген коомдук иштин маанисин эске алууну сунуш кылышат